КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын кезексиз XVII сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 19-декабры №136** **Темир айылы**

## Ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүүгө тарифди белгилөө жөнүндө

«Ичүүчү суу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34,39-беренелерин жетекчиликке алып, ошондой эле Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин «Бюджет, финансы, экономика, инвестицияларды тартуу менен чакан бизнести өнүктүрүү, ишкердик, тышкы экономикалар байланыштар боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат.**

1. Садыр Аке айыл аймагынын Корумду айылы боюнча ичүүчү таза суу акысы 1 кубуна 45 сом менен бекитилсин.
2. Бекитилген тариф 2026-жылдын 01-январынан баштап колдонууга киргизилсин.
3. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын.
4. Жергиликтүү кеңештин аппараты (жооптуу катчысы) бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин “Бюджет, финансы, экономика, инвестицияларды тартуу менен чакан бизнести өнүктүрүү, ишкердик, тышкы экономикалар байланыштар боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганы орун басары** **Б.С. Чичканбаев**

*Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Облюст-2*